Сахабалардын артыкчылыгы жана акысы тууралуу чындык

(Алла алардан ыраазы болсун)

Абдулла ибн Салих Аль – Косиир

Которгон: Сейитбеков Алайчы

Кириш сөз

Оболу, ааламдын Жаратуучусу Алла Таалага мактоо айтылсын. Такыба, ыймандуу пенделердин акыбети жакшылыкка оролсун. Ачык-айкын чындыктын Ээси, эч кандай шериги жок Алла Таала Жалгыз экендигине күбөлүк беремин. Туурага баштап, катадан тыйган, бейишке үндөп, тозоктон кайтарган, Кыяматтын босогосундагы акыркы жана чыныгы динди алып келген, чынчыл жана аманаткөй пайгамбар Мухаммад (ага Алланын салам-салаваты болсун) Алланын элчиси жана кулу экендигине күбөлүк беремин. Ага, анын үй-бүлөсүнө, ал алып келген диндин таралуусуна эбегейсиз салымын кошуп, андан жардамын аябаган сахабаларына Алланын чексиз мээрими жаап, ырайымы төгүлсүн.

Андан соң:

Сахабалардын башка эч кимде кездешпеген артыкчылыгынын бири, алардын тагдырына пайгамбарлардын акыркысы жана элчилердин төрөсү болгон Мухаммад пайгамбарыбыз менен (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахаба, жолдош болуу бактысы жазылгандыгында. Алар – үммөттүн эң абзели, эң билимдүүсү. Алар - шарияттын башаты, илим жана амалда үммөтүн ана башы. Алар – Алла жолунда ыйман, дин таратуучулардын жол башчылары.

Алардын артыкчылыгы жана даражасынын бийиктиги эмнеде экенин төмөндө биле алабыз:

а) Алла Таала Куранда сахабаларды, тагыраагы алардын динди тутуусун, ыйманынын бекемдигин, Жаратуучусу көрүп тургандай туруктуу амал кылышканын мактап аяттарды түшүргөн. Алардын тоболорун кабыл кылгандыгын баяндаган аяттарды түшүргөн. Аларга ыраазы болгондугун билдирген аяттарды түшүргөн. Аларга бейиште кулак угуп, көз көрбөгөн нээматтарды даярдап койгондугун убада кылган аяттарды түшүргөн.

б) Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алардын бейишке кирерин айткан. Үммөттүн баарынан алардын даражасы бийик экендигин баяндаган.

в) Жалпы мусулман аалымдары да сахабалардын даражасынын бийиктигин, башка мусулмандарга караганда аброю жогору экендигин бир ооздон тастыкташкан.

Сахабалардын өзгөчөлүгүн, даражасынын бийиктигин, динге кылган мээнетинин актыгын баардык акыл-эси жайында турган адамдар билишет. Бирок ошого карабастан, аларга жалаа жаап, оозуна келгенди оттоп, ал тургай Алла Тааланын айткандарын жалганга чыгарып, пайгамбардын сөздөрүн теңине албай, шарияттын башатына ишенбей, акыйкатка шектенип, жаштардын башын айланткан адамдар чыккан. Мындай ишке көлөкөсүнөн арыны көрө албаган, илимсиз, маңкурт адамдар, же болбосо, жүрөгүндө көралбастыктын оту жалындаган, дин безерлигин ачыкка чыгарбай ичине каткан эки жүздүүлөр гана барышат. Эмнеси болсо да, алар өзүн-өзү отко айдаган бечаралар, эгер өлүм периштеси кекиртектен алганча Аллага тобо кылышпаса, айткан жана жазган жалаалары үчүн бактысыздыктын оруна түшүп кетишет. **"Алла ким бузуучу, ким ондоочу экенин жакшы билет"**[1], **"Ал (Алла) бузукулардын ишин жөнгө салбайт"**[2], **"Биздин аяттарыбызды четке каккан адамдар Бизден жашына албайт. (Сөздү бурмалап) тозокко түшкөн адам жакшыбы же Кыяматта аман-эсен келе турган адам жакшыбы?**

[1] Бакара сүрөсү, 220-аят.

[2] Юнус сүрөсү, 81-аят.

(Буларды уктуңар, эми) каалаган ишиңерди жасай бергиле. Ал силердин ишиңерди Көрүүчү"[1].

Сахабалар акыл-парасаттуу адамдарга багыт көрсөткөн асмандагы жылдыздар сыяктуу. Муну көңүлгө албаган аңкоолор ар кандай сөздөрдү айта беришет. Ит үрө берет, кербен жүрө берет деген сөз бар. Алла Таала аларды Өзү коргойт. Бул тууралуу Куранда: **"Чынында, Алла ыймандуу адамдарды коргойт. Ал эми кыянатчы жана шүгүрсүз пенделерди жактырбайт",[2]** жана: **"...каапырлардын көңүлүн чөктүрүү үчүн"[3]** деген сыяктуу бир канча аяттар бар. Бузуку, эки жүздүү, каапырлар гана кабырда жаткан сахабаларга көралбастык, карасанатайлык кылып, алардын урматына шек келтирет.

Мына ушундай көйгөйлөрдү эске алып, сахабалардын алдындагы ыйык милдетим катары, алардын абалы, артыкчылыктары тууралуу кыскача макала жазууну туура көрдүм. Сахабалар тууралуу так, туура маалымат алууну каалагандар үчүн, алардын даражасын, артыкчылыгын, кадыр-баркын, үммөттүн аларга болгон милдетин, "Ахлу сунна вал жамаьанын" алар тууралуу ишенимин баяндап берүүнү эп көрдүм. Максатым – алардын өзгөчөлүктөрүн ачып берүү, билбегендерге үйрөтүү,, көрө албагандардын эскертүү. Туура жолго баштоочу Алла Таала максатыма жеткирсин.

Жаратуучусунун кечиримине муктаж болгон
Абдулла бин Соолих ал-Косиир
10\4\1424-ж (х).

  

[1] Фуссилат сүрөсү, 40-аят.

[2] Хаж сүрөсү, 38-аят.

[3] Фатх сүрөсү, 29-аят.

Биринчи: Сахаба сөзүнүн аныктамасы

Сахаба – соохиб, сохабий деген сөздүн көптүк сандагы формасы. Ал эми сохаабий деп, пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) ыйман келтирип, ага жолуккан жана момун мусулман абалында өтүп кеткен адамдарга айтылат. Имам Бухаринин (Алла аны ырайымына бөлөсүн) айтымында, пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жолдош болгон, же аны көргөн мусулмандардын баары – сахаба.

Жолдоштук өзгөчө жана жалпылай болот. Пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) ишенип, аны көргөн мусулмандардын баары жалпылай жолдоштору болуп эсептелет. Ошондой эле жолдош деген аталыш менен сыпатталган өзгөчө сахабалар да бар.

Аалымдардын дагы бири минтип айтат: пайгамбарыбызга (ага Алланын салам-салаваты болсун) жолдош болгон адамдардын баары, ага жолдош болбогон адамдардан бийик даражада турат. Анткени алар пайгамбарга жолдош болуу менен башкалар жете албаган илим жана амалга жетишти. Алардын пайгамбарга жолдош болуу менен жеткен бийиктигине башка эч ким жете албайт.

Пайда: Сахабалардын жалпы саны жүз жыйырма төрт миң болгон деген айтым бар. Бул дүйнөдөн эң акыркы өткөн сахаба Абу Туфайл Аамир бин Васила ал-Лайси болгон. Имам Муслимдин (Алла аны ырайымына бөлөсүн) чечиминде, ал хижранын жүзүнчү жылдары өткөн.

* * *

Экинчи: Сахабалар тууралуу сөз кылуунун максаты жана "Ахлу сунна вал жамаьа" ишениминдеги алардын орду

"Ахлу сунна вал жамаьа" аалымдары сахабаларга тиешелүү, аткарылуусу зарыл болгон эки маанилүү ишке чечим чыгарышкан:

Биринчиси: Сахабалардын өзгөчөлүгүн, алардын диндеги даражасын, үммөттөгү артыкчылыгын баяндап элге жеткирүү жана Хавариж, Рофаза сыяктуу агымдардын сахабаларга айтылган жалган жалаа, туура эмес пикирлерин жокко чыгаруу.

Экинчиси: Сахабалар тууралуу терс ой-пикирин жайылткан агымдар көбөйгөн учурда, мусулмандарга сахабалардын алдындагы милдеттерин баяндап жеткирүү.

Мындай чечимге барууга эмне түрткү болду?

Буга сахабаларды теңине албай, алардын артыкчылыктарын четке каккан, же болбосо, тескерисинче алардын кээ биринин даражасын пайгамбарлык чектен да ашыра көтөрүп жиберген агымдардын чыгуусу себеп болду. Мисалы: хавариждер Азирети Али (Алла андан ыраазы болсун) баш болгон Муавия, Амр бин Аас сыяктуу бир канча сахбаны каапыр деп чыгышты. Ал эми Рофида агымындагылар Азирети Алини (Алла андан ыраазы болсун) жана анын үй-бүлөсүн башка сахбалардан жогору коюп, аны пайгамбарлык даражага көтөрүп жиберишти. Жалпысынан алганда, Хавариж жана Рофида сыяктуу туура эмес пикирдеги агымдардын чыгуусу менен сахабалардын кадыр-баркына шек кете баштады. Аларга акарат кылып, кемсинтип, алардын дин үчүн кылган мээнетин жокко чыгарып, ал тургай аларды каапыр дегенге чейин барышты. Ушундан улам "Ахлу сунна вал жамаьа" аалымдары жогорудагыдай чечимге келишкен.

*　　　*　　　*

Үчүнчү: Сахабалардын үммөттөгү орду

Пайгамбарлыктан кийинки эле шарапаттуу орун Мухаммад пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) ишине көмөк көрсөткөн, ал алып келген диндин жайылуусуна эбегейсиз салым кошкон сахабаларга тиешелүү. Жалпылай айтканда, сахабалар (Алла алардан ыраазы болсун) – пайгамбарлардан кийинки улук, абройлуу адамдар. Муну пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун): **"Адамдардын эң жакшысы – менин доорумдагылар"** деген сөзүнөн байкасак болот. Ошол себептен, сахабалар илим болобу, амал болобу, динге ишенүү жагынан болобу, кыскасы кайсы тараптан болсо да, өзүнөн кийинки адамдарга караганда алдыда турат. Алар башка эч ким жете албаган артыкчылыктарга ээ болушкан.

Алар Аллага жана Анын элчисине алгачкылардан болуп ишенишкен, Алла жолунда казат кылууда, хижрат кылууда, динге жардам берүүдө алгачкылардан болушкан. Пайгамбарлык жер бетине тарай электе, динге ишенген ыймандуулар аз, жалганга чыгарган жөөт, христиан жана бутпарастар көп болгон учурда диндин таралуусуна жардам беришкен. Аткарган иштеринин сооп-сыйлыгы башка эч кимге берилбей турган зарыл, муктаж заманда, алар Алланын ыраазылыгы үчүн мал-жанын аяшкан эмес. Ошол себептен пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): **"Менин сахабаларыма тил тийгизбегиле! Менин жаным колунда турган Аллага ант берип айтамын, силер Ухуд тоосундай алтынды садага чаап жиберсеңер да, алар кылгандын бир же жарым коочуна жете албайсыңар"** деп айткан.

Алардын жолуна түшүп, алардын изи менен кадам таштаган адам бакытка жетет. Аллага ант берип айтам, динди мына ошолор жеткирди, шарият эрежелерин ошолор бекемдеди. Адамдардын жүрөгүн динге ошолор ачты, Алла жолундагы чыныгы жихатты мына ошолор жасады, алар Алладан, Алла алардан ыраазы болсун.

*　　　*　　　*

Төртүнчү: Сахабалардын артыкчылыгы жана аброю

Ислам жаңыдан жайыла баштаганда аны кабыл кылгандыгы, жихат эми буюрулганда аны аткаргандыгы, коркунучтуу учурда динге жардам бергендиги, кыйынчылык мезгилде мал-жанын садага кылгандыгы, алыс-жакындагы душмандарга сабырдуулук менен түткөндүгү сахабаларга көптөгөн артыкчылыктарды жана кадыр-баркты алып келет. Эгер бир-бирден санай турган болсок, алардын артыкчылыгы төмөнкүлөрдө:

1) Исламга бул үммөттүн алдыңкылары болуп киришкен;

2) Оорчулук, кыйынчылыкка сабыр кылышкан;

3) Пайгамбар (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен мамилелеш болушкан;

4) Алла жолунда хижрат кылып (Эфиопияга, Мадинага) көчүшкөн;

5) Динге жардам берип, жихатка чыгышкан;

6) Илим жана амалда алдыда болушкан;

7) Динди таратышкан.

Сахабалардын артыкчылыгы тууралуу айтылган далилдер абдан көп, алардын кээ бири төмөнкүлөр:

а) Куранда Алла Таала сахабаларды мактап, алардын аткарган амалдарын жогору баалаган аяттар өтө көп. Мисалы: "**Мухаммад – Алланын элчиси! Аны менен бирге (сахаба) болгон кишилер каапырларга каардуу, бири-бирине боорукер! Сен аларды үрүкү-сажда кылган абалында Алладан артыкчылык жана ыраазылык сурап жатканын көрөсүң. Алардын жүздөрүндө сажданын белгилери бар. Бул алардын Тоораттагы сыпаттары. Ал эми алардын Инжилдеги сыпаттары - өзүнөн көп шакча чыгарып, кубаттанып, анан (ал бутактар) жоон болуп, анан денесин кере түздөп, дыйкандарды таң калтырган дарак сыяктуу. (Бул мисал) каапырлардын көңүлүн чөктүрүү үчүн. Алла алардын арасынан ыйман келтирип, жакшы амал кылган момундарга (күнөөлөрүн) кечирүүнү жана улук соопту убада кылды"**[1], **"Ал эми, аларды утурлап, короо-жайлары менен ыймандарын(ын жылуулугун) даярдап койгон (мединалык) момундар, өздөрүнө хижрат кылып келгендерди сүйөт жана аларга берилген олжо себептүү жүрөктөрүндө көралбастык сезимин туйбайт. Өздөрүндө жетишпестик болуп турса да, аларды өздөрүнөн жогору коюшат. Ким напсини тыя алса, дал ошолор гана жеңишке (Бейишке) жетет"**[2], **"Мухажир жана ансарлардан турган алдыңкы саптагы эң биринчилер жана ошолордун изинен эң сонун ээрчип бара жаткандардан Алла ыраазы болду, алар дагы Алладан ыраазы болушту. Алла аларга, астынан дарыялар аккан, түбөлүк калуучу Бейиштерди даярдап койду. Бул – чоң жеңиш!"**[3] Мына ушул ж.б. ушул сыяктуу аяттарда Алла Таала сахабаларга ыраазы болгондугун, аларга бейишти даярдап койгондугун баяндаган. Алла Таала алардын динден эч качан баш тартпасын, күнөө үстүнө күнөө кыла бербестен кетирген кемчилиги үчүн дароо тобо кыларын жана алардын чын жүрөктөн болгон тобосун Өзү кабыл кыларын билдирген.

б) Сүннөттө да сахабалардын артыкчылыгы тууралуу айтылган хадистер өтө көп. Мисал катары, жогоруда айтылган: "Менин сахабаларыма тил тийгизбегиле! Менин жаным колунда турган Аллага ант берип айтамын, силер Ухуд тоосундай алтынды садага чаап жиберсеңер да, алар кылгандын бир же жарым коочуна тете боло албайсыңар" деген хадисти, ошондой эле пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун): "Дордун эң жакшысы – мен жашап турган доор..." деген хадисин айтсак болот.

в) Булардан сырткары кереметтүү Куранда Алла Таала мактаган такыба, момун, жакшы амал кылуучу деген сапаттарга ээ болгон адамдар бар. Мына ушундай аяттар дагы биринчи кезекте сахабаларга тиешелүү экенин унутпашыбыз керек.

г) Жогоруда айтылган Куран жана сүннөттө ишенимдүү жол менен сакталып келген сахабалардын артыкчылыгы, өзгөчөлүгү, кадыр-баркы тууралуу кабарлар диндеги зарыл, маанилүү көңүл бура турган кабарлар болуп эсептелет. Мына ушул

[1] Фатх сүрөсү, 29-аят.

[2] Хашр сүрөсү, 9-аят.

[3] Тообо сүрөсү, 100-аят.

кабарлар Рофида, Хавариж, Муьтазила ж.б. ушулар сыяктуу адашкан агымдардын келжирегин жокко чыгарат.

* * *

Бешинчи: Кадыр-нарктуулугу жагынан сахабалардын бири-биринен айырмасы

Ушул жерден сахабалар да кадыр-барк, даражасы жагынан өз ара бири-биринен айырмаланып турарын айта кетүүбүз керек. Бир сахабанын башка сахабалардан артыкчылыгы бар, ошондой эле бир жамааттын башкаларынан артыкчылыгы бар. Бул алардын динди кабыл алуусу, казат кылуусу, садага чыгаруусу ж.б. жакшы амалдарына жараш болот:

а) Алла Таала "Фатх" деп атаган Худайбия келишимине чейин мал-мүлкүн Аллах жолунда жумшаган жана казатка чыгышкан сахабалар бул келишимден кийин ушундай амалдарды кылгандарга караганда даражасы бийик. Бул тууралуу Алла Таала минтип айткан: **"Силердин бирөөңөр да "Фатхтан" мурда садага чыгаргандарга жана казат кылгандарга теңеле албайт. Алардын даражасы кийин садага чыгарып, казат кылгандардан алда канча жогору. Бирок Алла экөөнө тең соопсыйлык убада кылган".**[1] Бул аятта даңкталып жаткан сахабалар - мухажирлер менен ансарлардын ушул иште озуп кеткендери.

б) Жалпы мухажирлер жалпы ансарларга караганда даражасы бийик. Муну Алла Тааланын: **"Чынында, Алла Таала пайгамбардын, мухажирлердин жана ансарлардын тобосун кабыл кылды"**[2]**, "Ал эми, аларды утурлап, короо-жайлары менен ыймандарын(ын жылуулугун) даярдап койгон (мединалык) момундар, өздөрүнө хижрат кылып келгендерди сүйөт жана аларга берилген олжо себептүү жүрөктөрүндө көралбастык сезимин туйбайт. Өздөрүндө жетишпестик болуп турса да, аларды өздөрүнөн жогору коюшат. Ким напсини тыя алса, дал ошолор гана жеңишке (Бейишке) жетет"**[3] деген аяттарынан баамдоого болот. Аяттарда баардык сахабалардын, тагыраагы мухажирлердин да, ансарлардын да артыкчылыгы жөнүндө айтылууда. Бирок текстте мухажирлер ансарлардан биринчи айтылып жатат. Текстте биринчи айтылса, артыкчылык, даражада да биринчи экендигин билдирет. Демек, жалпы мухажирлер ансарлардан даражасы жогору турат. Мунун негизги себеби, алар туулуп өскөн жерин, мекенин, мал-мүлкүн, ал тургай ата-эне, тууган уругун да таштап динди сактоо үчүн көчүп чыгышкандыгында.

в) Бадр согушуна катышкан сахабалар ага катышпаган сахабаларга караганда жогору турат. Бадр согушуна катышкан мухажир жана ансарларды Алла Таала күнөөсүн кечиргендигин айткан. Булардын саны үч жүздөн бир аз ашыгыраак болгон. Дин аалымдарынын биринин айтуусунда, Алла Таала алардын эми өлгөнгө чейин динден баш тартпасын жана күнөөгө берилип кетпешин билген. Алардын чын жүрөктөн тообо кылуусуна жана ката-кемчиликтерин жууп тазалап кетүүчү жакшы иштерди кылууга Алла жеңилдик берген.

---

[1] Хадид сүрөсү, 10-аят.

[2] Тообо сүрөсү, 117-аят.

[3] Хашр сүрөсү, 9-аят.

г) Ухуд, Ахзаб ж.б. согуштарга катышкан сахабалар бул согуштарга катышпаган сахабаларга караганда даражасы жогору.

д) "Ризван" деп аталган келишимге катышкан сахабалардын даражасы ага катышпагандарга караганда жогору. Худайбияда болгон бул келишимге катышкан мухажир жана ансар сахабаларга Алла ыраазы болуп, алардын эч кимиси тозокко кирбестигин айткан. Бир дарактын түбүндө пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) менен келишим кылган сахабалардын саны миң төрт жүздөн ашыгыраак болчу. Булар тууралуу Алла Таала Куранда минтип айтат: **"(Худабиядагы) дарактын түбүндө сага ант берген кезде, Алла момундардан ыраазы болду..."**[1] Ал эми Имам Муслимдин "Сахих" китебинде, Жаабир (Алла андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун): **"Дарактын түбүндө ант бергендердин бири да тозокко кирбейт"** – деген. "Ахлу сунна вал жамаьа" ишеними боюнча, Бадр согушуна катышкандардын жана Ризван келишиминде ант бергендердин бейишке кирип, тозоктон кутулуусу аларга гана тиешелүү, ошондой эле жалпы сахабалардын бейишке кирүүсү да Курандагы: **"...жана баарына Алла Таала жакшылыкты убада кылат"**[2] деген аяттан белгилүү.

е) Тирүү кезинде эле бейишке кирери сүйүнчүлөнгөн он сахабанын даражасы башкалардан артыкча. Өтө жогору турган артыкчылыктардын бири он сахабанын тирүү кезинде эле бейишке кирери тууралуу айтылуусу. Алар: Абу Бакр, Умар, Усман, Али, Талха бир Убайдулла, Зубайр бин Аввам, Саьд бин Абу Ваккас, Саид бин Зайид, Абдурахман бин Ауф, Абу Убайдата бин Аамир бин ал-Жаррах.

ё) Жогорудагы он сахабадан тышкары дагы бейишке кирүүсү кабарланган сахабалар бар. Пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) Сабит бин Кайс бин Шамас, Уккаша бин Мухсин, Абдулла бин Салам, Хасан, Хусайн жана момундардын энеси эсептелген пайгамбарыбыздын жубайларын ж.б. кээ бир сахабаларды бейишке киререрин сүйүнчүлөгөн. Алардын бейиш менен сүйүнчүлөнүүсү башка сахбалардан артыкча экендигин билдирет. Бейишке киререрин пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) сүйүнчүлөгөн мындай адамдар ошол убада аткарылганга чейин ыйманында бекем болушат. "Ахлу сунна вал жамаьа" алардын бейишке кирерине күбөлүк берет. Анткени пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) алардын ар бирин атап күбөлүк берген. Кимдир бирөөнүн бейишке кирүүсүн же тозокко кирүүсүн күбөлүк берүү шариятта бар нерсе, бирок пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) бейишке кирүүсүнө күбөлүк бербеген адамдарды эч ким бейишке кирет деп күбөлүк бере албайт. Болгону исламдагы жакшы амал кылуучуларга сооп сыйлыгы болорун үмүт кылып, күнөөкөрлөрдүн азапка кабылуусунан коркуу милдет.

ж) "Хулафау Рошидин" туура жолго баштоочу төрт халифанын артыкчылыгы. Булардын бири-биринен артыкчылыгы катары менен белгиленет. "Ахлу сунна вал жамаьа" ишеними боюнча бул төрт халифа мухажирлердин эң абзели, пайгамбардан (ага Алланын салам-салаваты болсун) кийинки үммөттүн эң жакшысы. Алар пайгамбардын орун басарлары, кайындары. Алардын ар биринин өз-өзүнчө артыкчылыктары бар. "Ахлу сунна вал жамаьа" аалымдары бул төрт халифанын эң абзели Азирети Абу Бакр, андан кийин Азирети Умар экендигин тастыкташкан. Ал эми Азирети Усман менен Азирети Алинин кимиси абзелдигинде эки түрдүү пикир айтылган. Кээлери Азирети Усман жогору турат десе, кээлери

[1] Фатх сүрөсү, 18-аят.

[2] Хадид сүрөсү, 10-аят.

Азирети Али жогору турат деген пикирде болушкан. Шейхул Ислам Ибн Таймия бул пикирлердин биринчисине кошулуп, Азирети Усмандын артыкчылыгына токтолгон. Шейх бул пикирине төмөнкүлөрдү далил кылат:

1) Туура кабарлардын көбү Азирети Усмандын даражасы жогору экендигин билдирет.

2) Сахабалар халифа шайлоодо бир ооздон Азирети Алиден мурда Азирети Усманга ант беришкен. Халифалык тартипте илгери турганы, демек кадыр-барк жагынан да жогору турганын айгинелейт. Абу Дауддун (Алла аны ырайымына бөлөсүн) китебинде Ибн Умардын (Алла андан ыраазы болсун): "Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) тирүү кезинде биз: "Пайгамбардын үммөтүнөн эң жакшысы Абу Бакр, андан кийин Умар, андан кийин Усман деп сүйлөшүп калчубуз" деп айтканы бар.

3) Абдурахман бин Ауф (Алла андан ыраазы болсун) минтип айткан: "Мен адамдардын ишине саресеп таштап, алардан Усманга тең келерин көрө албадым". Абалкылардан дагы бирөө минтип айтат: "Ким Азирети Усманды Азирети Алиден жогору койсо, ал мухажирлерди да, ансарларды да теңине албаптыр". Мунун баары Азирети Усмандын Азирети Алиден даражасы жогору экендигин далилдеп турат. Анткени сахабалар өз ара кеңешүүдөн кийин халифалыкка Азирети Усманды ылайык табышкан.

Сахабалардын Азирети Усман менен Азирети Алини, тагыраагы экөөнүн бирин халифалыкка тандоо үчүн кеңешүүсү жана Азирети Усманды тандап алуусу, Азирети Усмандан кийин Азирети Али абзел экендигин билдирет.

Жыйынтыктап айтканда, Ахлу сунна вал жамаьа мындай чечим чыгарат: сахабалардын эң кадыр-барктуусу Абу Бакр Сыддык, анан Умар ал-Фарук, анан Усман Зул-Нурайн, анан Али ал-Муртаза, андан кийин бейиш менен сүйүнчүлөнгөн он сахабанын калгандары, анан Бадр согушуна катышкандар, андан кийин ар-Ризван келишимине катышкандар, андан кийин Мекке колго алынганга чейин динди кабыл кылгандар, андан кийин Мекке колго алынган соң динди кабыл кылгандар.

*   *   *

Алтынчы: Мусулман үммөтүнүн сахабалардын алдындагы милдеттери

Мусулмандардын сахабаларга болгон милдеттери б.а. сахабалардын мусулмандардагы акысы өтө көп. Алардын кээ бири төмөнкүлөр:

1) Сахабалардын өзгөчөлүгүн жана артыкчылыгын моюнга алып ишенүү жана аларга карата болгон жаман көз караштардан жүрөктү таза сактоо.

2) Баардык жакшылыктарды бизден мурда аткарып, бизден илгери болгондугу үчүн сахабаларды жүрөк менен сүйүп, тил менен мактоо.

3) Илимде, амалда, дааватта, жакшылыкка чакырууда, жамандыктан кайтарууда, эл менен мамиле кылууда ж.б. иштерде аларды ээрчип, үлгү кылуу. Анткени сахабалар Алланын Сөзүн, пайгамбардын сүннөтүн эң жакшы билишкен, Куран жана сүннөткө эң туура амал кылышкан, үммөткө эң сонун насаат калтырышкан жана акылга таянуу, динге жаңылык киргизүү сыяктуу кемчиликтерден таза болушкан.

4) Сахабаларга кечирим тилеп, ырайым каалоо. Өзүнөн мурда өткөндөргө дуба кылып, кечирим тилөө тууралуу Алла Таала минтип айткан: **"Алардан кийин келгендер: "Оо, Жараткан, Бизди жана бизден мурда ыйман менен өткөн бир** (диндеш) **бир туугандарыбызды кечире көр. Биздин жүрөгүбүзгө**

ыймандууларга карата жек көрүү киргизбе. Өзүң – Ырайымдуу, Боорукерсиң".[1]

5) Сахабалардын арасында болгон кээ бир маселелердеги пикир келишпестикке кийлигишпөө. Илим деңгээли жетишип чечим чыгарган адам соопко ээ болот, эгер чечими туура болсо эки cooп, туура эмес болсо бир cooп, анын катасы илим деңгээли жетишип изилденгени себептүү кечирилет деп ишенүү.

6) Көралбас, көлөкөсүнөн арыны көрө албаган кем акылдардын сахабалардын кайсы бирине карата тараткан ушагына ишенбөө. Мындай ушактар сахабаларга болгон ишенимди алсыздатып, жүрөктү карартып, аларга жек көрүү сезимин пайда кылат. А бул болсо Алланын газабын келтирүүчү чоң күнөө.

7) Сахабаларга тил тийгизүү арам экендигине бекем ишенүү. Анткени аларга тил тийгизүү Алланын алар тууралуу айткандарын четке кагуу, пайгамбардын **"аларга сөз тийгизбегиле"** деген буйругуна каршы чыгуу болуп эсептелет. Сахабалар пайгамбарлардан кийинки эле Алла Тааланын эң сүйүктүү пенделери. Аларга жалаа жабуу өтө чоң күнөө. Бул тууралуу Куранда минтип айтылат: **"Ыймандуу эркектер менен ыймандуу аялдарды жасабаган иштери үчүн эле аза берген адамдар өтө чоң дооматты жана ачык-айкын күнөөнү өзүнө жүктөп алышат".**[2]

* * *

Жетинчи: Сахабалардын адилеттүүлүгү

Ыйык Курандагы: **"Адамдар үчүн чыгарылган өтө жакшы үммөт болдуңар"**[3]**, "Ошондой эле силерди адамдардын үстүндө күбө болуу үчүн орточо үммөт кылдык"**[4] деген аяттар биринчи кезекте сахабаларга карата айтылган, Алла Тааланын бул кайрылуусуна кирген адамдардын сап башында сахабалар турат. Пайгамбарыбыз алар тууралуу (ага Алланын салам-салаваты болсун) "Үммөттүн эң жакшылары", "Адамдардын эң сыймыктуусу" деген сыяктуу көптөгөн хадистери бар. Сахабалардын артыкчылыгы, кадыр-баркы, өзгөчөлүгү тууралуу Куран жана сүннөттө өтө көп айтылган. Сахабалардын өмүр жолуна кызыгып, алар тууралуу айтылган кабарларга саресеп салган адам, алардын Алла үчүн болгон дааватын, жихадын, мал-жанын садага чапканын, жакшылык иштерге жарышканын, илим алууга берилгенин, жакшы амалдарды чын ыкласы менен аткарганын ж.б. көптөгөн асыл сапаттарын көрө алат. Муну көргөн адам алардын пайгамбарлардан кийинки эле жогору даражадагы адамдар экенине, үммөттүн илим жагынан болобу, амал жагынан болобу, акыл жагынан болобу эң абзели сахабалар экенине чын жүрөктөн ишенет. Сахабалар туура жолго чыйыр салышкан, алар жеткен бийиктикке эч ким, эч качан жеткен эмес, жете элек жана жетпейт. Мына ушундан улам Ахлу сунна вал жамаьа алымдары сахабалардын адилеттүү болгондугуна бир ооздон макул болушкан.

Куран жана сүннөттө сахабалардын кадыр-баркы тууралуу кайра-кайра айтылганына карабастан, дин душмандары, акылына таянып чечим чыгаргандар

[1] Хашр сүрөсү, 10-аят.

[2] Ахзаб сүрөсү, 58-аят.

[3] Аалу Имран сүрөсү, 110-аят.

[4] Бакара сүрөсү, 143-аят.

ж.б.у.с. алар тууралуу жалган сүйлөшөт. Алардын айткандары же атайын токулган жалган, же болбосо, айтылган кабарларга алымча-кошумча кирип кеткенден улам бузулган. Кандай болгон күндө да, эң туурасы, эгер сахабалардан туура эмес пикир айтылган болсо, ал алардын илим деңгээли жетишип, аракет кылуусунан кийин чыккан чечим. Мындайда туура чечим чыгарган адам эки, туура эмес чечим чыгарып алган адам бир соопко ээ болорун, ката чечимдин ээси кечирилерин унутпообуз керек. Алардын айткандарынын баары изилденгенден кийинки чечим, ал чечимдери үчүн алар сооп гана алат. Ошол себептен сахабалардын риваят кылгандары, күбөлүктөрү толук кабыл кылынат. Алардын баарын таза деп ишенүү милдет, ал эми аларга сөз тийгизүү арам. Абу Зураьа (Аллан аны ырайым кылсын) минтип айтат: "Эгер сахабалардын бирөөсүнө тил тийгизген адамды көрсөңөр, демек ал – дин безер". Куран – чындык, пайгамбар – чындык, бул экөөнүн айтканы – чындык, аларды бизге жеткирген адамдар булар – сахабалар. Кимде-ким сахабалардын адилеттигине ишенбесе, ал Куран жана сүннөттү жокко чыгарууну каалаптыр.

* * *

Сахабаларга тил тийгизүүнүн түрлөрү жана тил тийгизген адамдын өкүмү

Сахабаларга тил тийгизүүнүн да бир канча түрү бар:

1) Куранда анын таза экендигин баяндаган аят түшкөн же пайгамбарыбыздан (ага Алланын салам-салаваты болсун) анын артыкчылыгы жөнүндө ишенимдүү хадис айтылган белгилүү сахабага тил тийгизүү. Мисалы: Абу Бакр Сыддык, Умар, Айша энебиз, пайгамбарыбыздын башка аялдары ж.б. тил тийгизип, сөгүү, аларга жалаа жабуу. Мындай тил тийгизүү тил тийгизген адамды динден чыгарат. Анын айтканы толук далилденип, ачыкка чыкса жазаланууга тийиш.

2) Рофида агымындагылар сыяктуу сахабалардын көбүн каапырга чыгаруу же баарын фасык, бузуку деп тил тийгизүү. Мындай адамдар да динден чыгып калат. Себеби булар Алла Тааланын жана пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабалар тууралуу айткандарын жалганга чыгарып жатышат.

3) Сахабаларга каргыш жана жаман сөздөрдү айтуу менен тил тийгизүү. Мындай адамдардын каапыр болуусуна эки түрдүү пикир бар, биринчиси: алар да динден чыгат. Экинчиси: мындай адамдар динден чыкпаганы менен чоң күнөөкөр болот.

4) Сахабаларга алардын динге тиешелүү болбогон иштеринде тил тийгизүү. Мисалы: ач көз, сараң деген сыяктуу. Мындай тил тийгизүүчүлөр каапыр болбойт, бирок аларга адеп берип айтканынан кайтаруу керек. Бул тууралуу Шейхул ислам "Ас-Саарим ал-Маслулда" Имам Ахмаддын (Алла ага ырайым кылсын) минтип айтканын келтирет: "Сахабалардын кайсы бир кемчилигин айтып чыгуу жакшы иш эмес. Алардын эч кимисин айыптап, кемсинтип сөз тийгизүүгө болбойт. Кимде-ким ушундай кылса, ага адеп берүү керек. Эгер тообо кылбаса, камап коюлат".

* * *

Сегизинчи: Ахлу сунна вал жамаьа мазхабынын сахабалар тууралуу чечими:

а) Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларын жакшы көрүү. Аларды сүйүү – ыймандан, жек көрүү – мунафыктыктан. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) хадисинде: "Ыймандуулуктун белгиси – ансарларды жакшы көрүүдө, эки жүздүүлүктүн белгиси – ансарларды жек көрүүдө" деп айтылган. Эгер ансарлар тууралуу ушинтип айтылган болсо, анда мухажирлердин даражасы алардан да жогору экенин жогоруда айтып өттүк.

б) Сахабалар тууралуу жаман ойдон жүрөктү таза сактоо. Алла Тааланын: "Алардан кийин келгендер: **"Оо, Жараткан, Бизди жана бизден мурда ыйман менен өткөн бир туугандарыбызды кечире көр. Биздин жүрөгүбүзгө ыймандууларга карата жек көрүү киргизбе. Өзүң – Ырайымдуу, Боорукерсиң"**[1] деген аятына ылайыктуу болуу зарыл.

в) Сахабалардын дарегине жалаң гана жакшы сөздөрдү айтып, жаман сөздөн тилди сактоо. Алардын урматын пайгамбарыбыз (ага Алланын салам-салаваты болсун) өзү: "Менин сахабаларыма тил тийгизбегиле! Менин жаным колунда турган Аллага берип айтамын, силер Ухуд тоосундай алтынды садага чаап жиберсеңер да, алар кылгандын бир же жарым коочуна жете албайсыңар" деп сыпаттаган. Хадистен көрүнүп тургандай сахабаларга тил тийгизүү арам. Ал эми каргыш айтуу тил тийгизүүдөн да катуураак жана анын арамдыгы андан да күчтүү, кыскасы экөө тең чоң күнөө. Бир хадисте: "Момун адамга каргыш айтуу – аны өлтүргөндөй болот" деп айтылса, дагы бир хадисте: "Менин сахабаларым үчүн Алладан корккула, ким аларга аза берсе, мага аза берген болот. Ал эми ким мага аза берсе, Аллага аза берген болот. Ким Аллага аза берсе, анын азапка кабыларына аз эле калды" деп айтылган.

Сахабалардын үммөткө болгон акысы өтө чоң. Алар үммөттүн эң жакшысы, пайгамбарлардан кийинки асыл адамдар.

г) Ахлу сунна вал жамаьада сахабалардын баары эле күнөө кылуудан таза деп ишенилбейт. Тескерисинче, алар чоң күнөөгө да, кичине күнөөгө да кириптер болушу мүмкүн. Бирок Алла Таала төмөнкү себептер менен алардын күнөөсүн кечирген:

1) Тообо кылгандыгы себептүү, ушул эле себеп менен алардын даражасын да көтөргөн.

2) Алардын жакшы амалдары аркылуу күнөөлөрүн жууп, кечирген. Алла Таала Куранда минтип айтат: **"Чындыкты алып келген адам менен аны тастыктаган адамдар, мына ошолор такыба пенделер. Аларга Раббисинин алдында көңүлү көксөгөн нерселер бар. Бул – жакшы амал кылгандардын сыйлыгы"[2].** Сахабалар үммөт ичиндеги эң ыйманы чынчыл, пайгамбар алып келген нерсени эң алгач тастыктаган, кетирген каталары кечирилүүгө татыктуу болгон адамдар.

3) Ал тургай, алардан кийинкилерден кечирилбей турган күнөөлөр да сахабалардан кечирилген. Жогоруда пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабалар коомдун эң жакшысы экендиги, алардын бир ууч садагасы кийинкилердин Ухуд тоосундай алтынды садага кылганынан жогору турары жөнүндө айтканы баяндалды.

---

[1] Хашр сүрөсү, 10-аят.

[2] Зумар сүрөсү, 33-34-аяттар.

4) Сахабалардын күнөө жасаганы жана дароо тообо кылганы, алардын Алладан коркуу жагынан үммөттүн эң жакшысы экендигин далилдеп турат. Алар күнөөнү уланта бербей, андан кутулуунун жолун табууга шашышкан.

5) Мындан сырткары алардын күнөөсүн жууп кетирүүчү жакшы амалдары көп болгон жана күнөөнү жок кылуучу кыйынчылык, азап-тозокту көп тартышкан.

6) Ошондой эле алар пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) шапаатына биринчи кезекте ээ болуучу адамдар да - сахабалар.

Эгер алардын күнөөлөрү ушинтип кечирилип жаткан болсо, анда алардын чечим чыгаруудагы анча-мынча каталарын сөз кылуунун эмне кажети бар. Эгер туура чечим чыгарышса эки сооп, бири – изилденгени үчүн, экинчиси – туура чечим чыгарганы үчүн. А эгер ката кетирсе, анда изилдеген мээнети үчүн бир соопко ээ болуп, кетирген катасы болсо кечирилет.

д) Ушул себептен Ахлу сунна вал жамаьа аалымдары, сахбалардын ортосунда болгон уруш, фитна, бузукулуктарга ооз ачпоо керектигине, кайтыш болгондорго кечирим тилеп дуба кылуу зарыл экендигине токтолушкан. Абалкы аалымдардын биринен сахабалардын ортосунда болгон уруш тууралуу сурашканда, ал: "Ал жерде аккан кандан Алла Таал биздин колубузду тазалаган, аны менен тилибизди да булгабайбыз" деп жооп берип, анан: **"Бул үммөттөр өтүп кетишти. Алар өз иштерине жооп берет, силер өз иштериңерге жооп бересиңер. Алар жасаган иш үчүн силер суракка тартылбайсыңар"**[1] деген аятты окуп берген.

Биздин милдетибиз – сахабалардын аброюн сактоо, алардын кадырын моюндоо жана артыкчылыгын айтып таратуу. Алардын эч кимиси атайлап ката ишке барган эмес. Алардын катасы тырышып изилденгенден кийин, өздөрү билбестен жасаган каталар. Бул каталары кечирилген. Биз ушинтип ишенебиз. Алардын кемчиликтери жөнүндө айтылгандын көбү жалган. Көбү алымча-кошумча менен өзгөрүп кеткен. А туура айтылган кемчиликтери болсо, Алла тарабынан кечирилген. Мындан сырткары, алардан кеткен кээ бир кемчиликтер алардын башка жакшылык иштеринин жанында түккө турбай, көзгө көрүнбөй калууга тийиш. Алардын өмүр жолуна назар таштаган адам алардын пайгамбарлардан кийинки эле эң барктуу адамдар экенин моюндабай койбойт.

Эскертүү:

Сахабалардын кайсы биринин кандайдыр бир катасын айтуу алардын кемчилигин жарыя кылуу эмес, тескерисинче үммөттүн абалын оңдоо деп билебиз. Биз аларды периштедей күнөөсүз деп да, күнөөгө батып калган деп да айтпайбыз. Ал эми адашкан агымдар алардын катасын жана кемчилигин аларга күнөө катары таңуулашат. Демек, Ахлу сунна вал жамаьа сахабалар маселесинде "ортолукту" карманат. А аша чапкандар: аларды периштедей ката-кемчилиги жок дешет, адашкандар болсо: алар күнөөгө баткан деп эсептешет.

Кимдир бирөөнү бейишке, же тозокко кирет деп күбөлүк берүү

Сахабалардын кээ биринин жеке өзүнө тиешелүү артыкчылыгына, же жалпы сахабалардын башкаларга салыштырмалуу даражасы жогору экендигине күбөлүк бергени менен, Ахлу сунна ишениминде кайсы бир сахабаны бейишке кирет, же

[1] Бакара сүрөсү, 134-аят.

тозокко кирет деп күбөлүк бергенге болбойт. Бир гана Алла Таала жана Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) күбөлүк бергендерге гана биз да күбөлүк бере алабыз. Чынында, кимдир бирөөгө бейишти же тозокту күбөлүк берүү акылга сыя турган иш эмес, бул Алладан келген кабар аркылуу гана белгилүү боло турган иш. Кимге Алладан келген кабар аркылуу күбөлүк берилсе, ага мусулмандар да күбөлүк берет, кимге Алладан келген кабар аркылуу күбөлүк берилбесе, ага эч ким күбөлүк бер албайт. Пайгамбарыбыздын (ага Алланын салам-салаваты болсун) кимдир бирөөгө бейишти, же тозокту күбөлүк берүүсү Алладан келген кабар аркылуу болгон. Анткени ал **"Оюнан чыгарып сүйлөбөйт, Алланын Алладан келген кабары менен гана сүйлөйт"[1].** Бирок, Ахлу сунна вал жамаьа жакшы иш кылган мусулмандарга сооп үмүт кылат, жаман иш кылгандарга азап болуусунан коркот.

Бейишке же тозокко күбөлүк берүү эки түрдүү болот:

1) Жеке бир адамга тиешелүү: бул – кайсы бир адамдын жеке өзүн айтып, ушул киши бейишке кирет, же ушул киши тозокко кирет деп күбөлүк берүү. Мындай күбөлүктү Алла жана Алланын элчиси (ага Алланын салам-салаваты болсун) гана берет.

2) Жалпы адамдарга тиешелүү: бул – жеке бир адамга эмес, шарияттa бейишке же тозокко кирүүсүнө себеп болгон иштерди аткарган адамдарга жалпысынан күбөлүк берүү. Мисалы: баардык ыймандуулар бейишке кирет, баардык каапырлар тозокко кирет деген сыяктуу.

Мына ушундан Рофида сыяктуу агымдардын акмакчылыгы ачык болот; алар тескерисинче Алла жана Анын элчиси бейишке кирет деп күбөлүк бергендерди тозокко кирет дешет, ал эми Алла жана Анын элчиси тозокко кирет дегендерди бейишке кирет дешет. Алар Алланын жана Анын элчисинин (ага Алланын салам-салаваты болсун) сөзүн жалганга чыгарышат. Пенделердин эң жакшысы болгон пайгамбардын (ага Алланын салам-салаваты болсун) сахабаларын, үммөтүн эң жакшы адамдарын жек көрүп, кемсинтип, эң жаман адамдар деп өкүм чыгарышат. Чынында, алар оозуна ээ боло албай калышты, сүйлөсө эле жалган сүйлөшөт.

Пайгамбарызбыз Мухаммадга, анын үй-бүлөсүнө жана сахабаларына Алланын тынчтыгы жана кечирим болсун.

Раббисинин кечиримине муктаж болгон
Абдулла бин Саалих ал-Косиир

  

[1] Нажм сүрөсү, 3-4-аяттар.

Мазмуну:

Кириш сөз 2

Биринчи: Сахаба сөзүнүн аныктамасы 4

Экинчи: Сахабалар тууралуу сөз кылуунун максаты
жана "Ахлу сунна вал жамаьа" ишениминдеги алардын орду 4

Үчүнчү: Сахабалардын үммөттөгү орду 5

Төртүнчү: Сахабалардын артыкчылыгы жана аброю 5

Бешинчи: Кадыр-нарктуулугу жагынан сахабалардын
бири-биринен айырмасы 7

Алтынчы: Мусулман үммөтүнүн сахабалардын
алдындагы милдеттери 9

Жетинчи: Сахабалардын адилеттүүлүгү 10

Сахабаларга тил тийгизүүнүн түрлөрү жана
тил тийгизген адамдын өкүмү 11

Сегизинчи: Ахлу сунна вал жамаьа мазхабынын
сахабалар тууралуу чечими 12

Эскертүү:

Кимдир бирөөнү бейишке, же тозокко кирет
деп күбөлүк берүү 14

Мазмуну 15